«Бекитемин»
И. Арабаев атындагы Кыргыз
мамлекеттик университетинин
ректору, профессор А. Т. Абдраева
_______________
“___”_____________2023-ж.

## И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарбия иштери боюнча координаторлор кеңеши жөнүндө

ЖОБО

**1.Жалпы жоболор**

1.1 Бул жобо тарбия иштери боюнча координаторлордун максаттарын, милдеттерин, функцияларын, укуктарын жана ишмердүүлүгүнүн негиздерин аныктайт.

1.2. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешине Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректор, Жаштар жана социалдык-маданий иштер бөлүмүнүн башчысы, бөлүмдүн кызматкерлери, курам жетекчилери жана алардын орун басарлары кирет.

1.3. Университеттин тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин төрагасы тарбия иштери боюнча координаторлордун ичинен шайланат жана тарбия иштери боюнча координаторлордун жалпы жыйынында Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректор тарабынан бекитилет.

1.4. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңеши студенттерди тарбиялоо боюнча институттардын, факультеттердин, колледждердин алкагында уюштуруу иштерин жүргүзөт. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңеши өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алып, И. Арабаев атындагы КМУнун Уставы, нормативдик-укуктук актылары жана студенттерди тарбиялоо маселелери боюнча методикалык материалдар, институттардын, факультеттердин, колледждердин уюштуруу-тескөө документтери ушул жобонун негизинде бекитилет.

1.5. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин жыйыны кеңештин төрагасынын чечими менен үч айда бир жолу өткөрүлөт.

**2. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин негизги милдеттери**

2.1. Университеттин деңгээлинде билим берүү, илимий жана тарбия иштеринин концепциясын түзүмдүк бөлүмдүн жана профилдик кафедралардын чегинде ишке ашыруу;

2.2. Профессордук-окутуучулук курамдын арасында тарбия иштери боюнча координатордун ролун, маанисин жана ишмердүүлүгүн пропагандалоо;

2.3. Тарбия иштери боюнча координаторлор менен студенттердин ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

2.4. Тарбия иштери боюнча координаторлордун жана студенттердин арасында интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалдын базасын түзүү;

2.5. Курам бөлүмдөрүндөгү тарбия иштери боюнча координаторлордун укуктарын коргоо;

2.6. Тарбия иштери боюнча координаторлор тууралуу жаңы көз караштарды өнүктүрүү;

2.7. Студенттер арасында патриотизмди жана маданий мурасты жайылтуу;

2.8. Студенттерге маалымат берүү жана тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин атынан ректорго, Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректорго кайрылууларды жана сунуштарды даярдоо;

2.9. Жаш кызматкерлерди жана активдүү студенттерди сыйлыкка көрсөтүү;

2.10. Студенттердин арасында билим берүү жана илим багытын өнүктүрүү максатында бейөкмөт уюмдар менен кызматташууну уюштуруу.

## 3. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин ишмердиги

3.1. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңеши тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин ишин координациялайт, багыттайт жана көзөмөлгө алат. Тарбия иштери боюнча координаторлордун пландарын жана отчетторун бекитет;

3.2. Курам бөлүмдөрүнүн тарбия иштери боюнча координаторлорунун тажрыйбасын жалпылайт, ошондой эле республиканын башка ЖОЖдорундагы студенттер менен илимий жана тарбиялык багыттагы иштердин тажрыйбасын изилдейт;

3.3. Курам бөлүмдөрүнүн тарбия иштери боюнча координаторлорунун иш тажрыйбасы менен алмашууну уюштурат жана алдыңкы тажрыйбаны жайылтат;

3.4. Студенттер менен тарбия маселелери боюнча, ошондой эле курам бөлүмдөрүнүн тарбия иштери боюнча координаторлорунун ишин уюштуруудагы багыттар боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгат;

3.5. Студенттер менен тарбиялык иштерди өркүндөтүү, студенттердин билим алуусун жана эс алуусун жакшыртуу боюнча сунуштар менен ректоратка кайрылат;

3.6. Ректорго курам бөлүмдөрүнүн тарбия иштери боюнча координаторлорунун мыктыларын сыйлоо боюнча сунуштарды киргизет;

3.7. Курам бөлүмдөрүнүн тарбия иштери боюнча координаторлору окуу жылынын башында план түзөт, ал пландар Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректор тарабынан бекитилет;

3.8. Курам бөлүмдөрүнүн тарбия иштери боюнча координаторлору окуу жылынын жыйынтыгы боюнча Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректорго отчет беришет;

3.9. Өз компетенциясынын чегинде университеттин жетекчилигинин шарттарында башкаруу чечимдерин даярдоого жана ишке ашырууга катышат;

3.10. Институттардын жана факультеттердин, колледждердин билим берүү, илимий жана билим берүү саясатынын максаттарына ылайык башка маселелерди чечет.

## 4. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин укуктары жана жоопкерчилиги

4.1. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңеши төмөнкүлөргө укуктуу:

- Институттарга жана факультеттерге, колледждерге алардын иш профилине ылайык келип түшкөн документтерди жана башка маалыматтык материалдарды карап чыгуу жана жумушта пайдалануу үчүн расмий түрдө суроого;

- Табия иштери боюнча координаторлор кеңешине жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды Жаштар жана социалдык-маданий иштер бөлүмүнөн, курам бөлүмдөрүнүн жетекчилеринен расмий түрдө суроого жана алууга;

- Тарбия иштери менен студентердин ортосундагы байланышты, студенттердин окуусун жана эс алуусун жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүгө;

- Курам бөлүмдөрүнүн тарбия иштери боюнча мыкты координаторлорун сыйлоо боюнча сунуштарды киргизүүгө;

- Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректор тарабынан уюштурулган жыйындарга катышууга.

4.2. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин төрагасы төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешине жүктөлгөн милдеттерди аткаруу;

- Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин ишин уюштуруу, ректордун, Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректордун, институттун директорлорунун, факультеттин декандарынын, колледждердин директорлорунун өз ишмердүүлүгүнүн багыттары боюнча буйруктарын, көрсөтмөлөрүн өз убагында жана сапаттуу аткаруу;

- Колдонуудагы ченемдик-укуктук документтерде каралган документтерди жүргүзүү;

- Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин иши тууралуу маалыматтар менен мыйзамдуу тартипте камсыз кылуу.

## 5. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин түзүмү жана башкаруу органдары

5.1. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңеши түздөн-түз Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректордун жетекчилиги астында иштейт.

Тарбия иштери боюнча координаторлордун компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин иш планын талкуулоо;
- илимий жана билим берүү багытындагы иш-чаралар боюнча чечим чыгаруу;
- тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин жана координаторлордун ишине байланыштуу башка көйгөйлөрдү чечүү;

5.2. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешин төрага жетектейт, ал И. Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

Тарбия иштер боюнча координаторлор кеңешинин төрагасы тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешинин ишине, ошондой эле курам бөлүмдөрүндөгү тарбия иштерине жетекчилик кылат жана тапшырылган иштин аткарылышы үчүн жоопкерчилик алат:

- И. Арабаев атындагы КМУнун жетекчилигинин, курам бөлүмдөрүнүн чечимдеринин өз убагында, так аткарылышын камсыз кылат;

- Тарбия иштер боюнча координаторлордун жыйналышка келишин камсыз кылат;

- Тарбия иштери боюнча координаторлордун ишине байланыштуу чечимдерди кабыл алат.

## 6. Тарбия иштери боюнча координаторлордун милдеттери

Тарбия иштери боюнча координаторлордун негизги иши ар бир студент менен жекече иштешүү болуп саналат.

Тарбия иштери боюнча координаторлордун ишмердүүлүгү студенттерде жарандык жоопкерчилик жана патриоттук сезимдерди калыптандырууга, маданиятты ар тараптуу өнүктүрүүгө, студенттик жамаатта достук жана өз ара жардамдашуу атмосферасын түзүүгө, студенттерди илимий жана коомдук иштерге тартууга багытталган. Тарбия иштерин жүргүзүү үчүн тарбия иштери боюнча координаторлор жолугушууларды, баарлашууларды уюштурат.

## 7. Тарбия иштери боюнча координатор төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттик топтордун жолугушууларын жана коомдук иш-чараларды уюштуруу жана катышуу;
- студенттердин жетишкендиктерин жана тартибин көзөмөлдөө, керектүү жардамды көрсөтүү;
- окуу жайдагы окутуучулар менен байланышта болуу;
- институттардын, факультеттердин, колледждердин студенттик өкмөтүнүн төрагаларын шайлоого катышуу;
- зарыл болсо учурларда студенттерге сабактарга катышуунун эркин графиктерин түзүүгө жардам берүү.

## 8. Тарбия иштери боюнча орун басарлары төмөнкүлөргө укуктуу:

- кафедрада жана деканатта жалпы топко да, айрым студенттерге да тиешелүү бардык маселелерди талкуулоого катышуу;
- университеттин бардык административдик уюмдарына жана бөлүмдөрүнө студенттердин окуу, илимий-изилдөө иштерин, жашоо шарттарын жакшыртуу, жайкы практиканы уюштуруу боюнча сунуштарды киргизүү;
- студенттердин ата-энелери же туугандары, ошондой эле студенттерди окууга жиберген окуу жайлар менен тыгыз байланышта болуу;
- студенттердин ата-энеси, туугандары жана башкалар менен байланышуу максатында тизме даярдоо;
- студенттердин жекече иштери боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуу, студенттерди сыйлыкка көрсөтүү же жазага тартуу;
- жатаканада жашаган студенттердин иш-аракеттерин көзөмөлдөө.

**9. Тарбия иштери боюнча координаторлордун ишин көзөмөлгө алуу:**

9.1. Тарбия иштери боюнча координаторлордун ишмердүүлүгү иштин жыйынтыгы боюнча ар бир окуу жылынын аягында моралдык жана материалдык дем берүү чаралары менен кубатталат. Жыл сайын университетте "жылдын тарбия иштери боюнча мыкты координатору" сынагы өткөрүлүп, жеңүүчүлөр материалдык жана моралдык жактан сыйланат.

**10. Тарбия иштери боюнча орун басарлар кеңешинин ишин токтотуу**

10.1. Тарбия иштери боюнча координаторлор кеңешин түзүү, жоюу И. Арабаев атындагы КМУнун ректорунун чечими менен, Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректорунун макулдугу менен ишке ашырылат.

"Макулдашылды"
И.Арабаев атындагы
КМУнун юристи
Кадырова А.Т.

____________________